**УДК 379.452**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/2-373-376**

**Торогельдиева К.М.**
педагогика илимдеринин доктору, профессор
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
torogeldieva52@mail.ru

# «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮСҮНӨ ЭМГЕК СИҢИРГЕН КЫЗМАТКЕР», ПЕДАГОГИКА ИЛИМИНИН ДОКТОРУ, ПРОФЕССОР Ж.У. БАЙСАЛОВДУН ИЛИМИЙ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**Аннотация:** Бул макалада «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер», педагогика илиминин доктору, профессор Ж.У.Байсалов илимий педагогикалык эмгек жолу каралды. Ж.У. Байсаловдун «ЖОЖдордо студент-математиктерди методикалык даярдоодо модулдук окутууну түзүүнүн жана колдонуунун илимий методикалык негиздери» доктордук диссертациясынын теориялык жана практикалык мааниси чоң. Ал жалпы педагогика жана дидактика илиминин бүгүнкү күндөгү көптөгөн кыргыз өкүлдөрүн тарбиялап үлгүрдү

**Негизги сөздөр:** профессор Ж.У. Байсалов, илимий педагогикалык, студент-математик, методикалык даярдоо, модулдук окутуу.

**Торогельдиева К.М.**
доктор педагогических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
torogeldieva52@mail.ru

# НАУЧНО-ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ «ЗАСЛУЖЕННОГО РАБОТНИКА ОБРАЗОВАНИЯ КР», ДОКТОР ПЕДАГОГИЧЕСКИХ НАУК, ПРОФЕССОРА БАЙСАЛОВА Ж.У.

**Аннотация:** В данной статье рассмотрена научно-педагогическая деятельность «Заслуженного работника образования КР», доктора педагогических наук, профессора Байсалова Ж.У. Велика теоретическая и практическая значимость докторской диссертации Байсалова Ж. У. «Научно-методические основы создания и использования модульного обучения в методической подготовке студентов-математиков в вузах». Ему удалось сегодня воспитать многих кыргызских представителей науки общей педагогики и дидактики.

**Ключевые слова:** профессор Байсалов Ж. У., научная педагогическая, студент-математик, методическая подготовка, модульное обучение.

**Torogeldieva K.M.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

# SCIENTIFIC AND PEDAGOGICAL ACTIVITIES OF THE "HONORED EDUCATION WORKER OF THE KYRGYZ REPUBLIC", DOCTOR OF PEDAGOGICAL SCIENCES, PROFESSOR ZH.U. BAISALOV.

**Abstract:** This article examines the scientific and pedagogical activities of the "Honored Worker of Education of the Kyrgyz Republic," Doctor of Pedagogical Sciences, Professor Zh. in the methodological training of mathematics students at universities." Today he managed to educate many Kyrgyz representatives of the science of general pedagogy and didactics.

**Key words:** Professor Baysalov Zh. U., scientific pedagogy, mathematics student, methodological training, modular training.

Мен Жоомарт Усубакуновичти 1988-жылдан бери билем. Ошол убакта ал Кыргыз билим берүү институтунда "Математика жана табигый илимдер" бөлүмүнүн башчысы эле. Мен аспирантурага тапшырганы келдим десем, Исак Бекбоевич агайга алып барып тааныштырып, илимге тажрыйбалуу мугалимдердин келгени абдан жакшы деген шыктандырган жылуу сөздөрү эсте калды. Ал убакта мен №50 мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, математика мугалими болуп иштеп жүргөм. Жоомарт Усубакунович институтта окуу бөлүмүнүн башчысы катары аспиранттардын отчетун ар бир айдагы отурумдарга коюп, иштердин план боюнча жүрүшүн илимий жетекчи менен бирге текшерип турчу. Ошол убакта окуган аспиранттар негизинен бардыгыбыз убагында кандидаттык диссертацияларыбызды жактап кеттик. Мындан Жоомарт Усубакуновичтин бардык кызматтык жана илимий иштерине өтө жоопкерчилик менен мамиле жасай тургандыгын белгилеп кетким келет. Өз эмгек жолун орто мектепте математика мугалими катары баштап педагогика илиминин доктору, профессор, Россиянын педагогикалык жана коомдук илимдер академиясынын академиги, «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» наамына чейин жеткен.

Бул жетишкендиктерге теориялык билиминин тереңдиги, практикалык тажрыйбасынын молдугу, чыгармачылык менен иштөөгө болгон изденүүсү менен жетишти десек болот. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде кафедра башчысы, И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин "Математика жана аны окутуунун технологиялары" кафедрасынын башчысы, "Педагогика" институттун директору болуп жигердүү эмгектенип келген.

"Педагогика" институттун жетектеп жүргөн учурда илимий педагогикалык, уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрү даана көрүндү. Институттун өнүгүүсүнө ири салым кошуп, жамаатты шыктандырып, талыкпай эмгектенгенге түрткү берип турган. Институттун, университеттин ар тараптуу иш-чараларына жоопкерчилик, терең изденүүчүлүк менен үлгүлүү иш аракеттерди жүргүзүп, бардык көрсөткүчтөр боюнча алдыңкы структуралардан болуп келген.

Институттун сапаттык курамы университетте алдыңкы орунда тургандыгы, окутуу иштеринен башка илимий иштер боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жогоруда айтылгандардын айныксыз далили. Университетте биринчилерден болуп, "Педагогика", "Психология" боюнча магистратура бөлүмүн ачканга жетишти.

Жоомарт Усубакунович 1998-2012 жылдары Кыргыз Республикасынын ЖАК тын эксперттик комиссиясынын жана президиумунун мүчөсү, 2012-2018 жылдары Д.13.13.007

жана Д.13.16.526 диссертациялык кеңешинин төрагасы, 2018-2020 жылдары орун басары болуп өмүрүнүн аягына чейин талыкпай эмгектенип келди.

22 педагогика илимдеринин кандидаттарын, бир докторун, 10 PhD докторун жана 90дон ашык магистранттарды даярдаган. Алардын арасында алыскы жана жакынкы чет өлкөнүн жарандары бар.

Педагогика, математиканы окутуу теориясы жана методикасы боюнча 179дан ашык илимий эмгектер жарык көргөн, анын ичинде: эки монография, отуздан ашык окуу-методикалык колдонмолор алардын ичинен айрым илимий методикалык эмгектери алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө басылып чыккан. Ошондой эле чет өлкөлүк коллегалар менен да тыгыз байланышта болуп иштеп келген. 1998-жылдан баштап Германиянын дидактик-математиктер коомунун мүчөсү, Россиянын педагогикалык жана коомдук илимдер академиясынын академиги (Москва ш.), Ч.Айтматов атындагы эл аралык академиясынын академиги, Эл аралык маалыматташтыруу академиясынын академиги, Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университетинин ардактуу профессору, Россиянын табигый илимдер академиясынын «Илимге жана техникага эмгек сиңирген ишмер» ардактуу наамдарынын ээси болгон.

Жоомарт Усубакунович көптөгөн жылдардан бери жүргүзүп келе жаткан изилдөө иштеринин теориялык практикалык жыйынтыгы катары жарыяланган эмгектери илим изилдөөчүлөр, ЖОЖ жана орто мектептин мугалимдери, болочок педагогикалык адистер үчүн өтө маанилүү жана баалуу эмгектер болуп саналат.

Ж.У.Байсалов «ЖОЖдордо студент-математиктерди методикалык даярдоодо модулдук окутууну түзүүнүн жана колдонуунун илимий методикалык негиздери» (13.00.02) доктордук диссертациясын 1998 ж. Алматы шаарында коргогон. Ошол учурда Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда модулдук окутуу жаңы киргизилип турган учурда абдан актуалдуу болуу менен практикалык колдонуу мааниси абдан чоң болду. Ушул убакытка чейин илимий теориялык жоболору колдонууда.

Диссертацияны коргоого төмөндөгү жоболор коюлган [1,13-б.]:

- жогорку окуу жайларында студент-математиктерди методикалык даярдоодо модулдук окутууну түзүүнүн жана колдонуунун теориялык негизделиши;
- студенттер - болочоктогу математика мугалимдеринин методикалык даярдыктарынын системасынын негизги компоненттери;
- студенттер -математиктерди методикалык даярдоо процессинде модулдук окутууну ишке ашырылышы;
- студенттер -математиктерди методикалык даярдоодо модулдук окутуунун эффективдүүлүгүнүн эксперименталдык изилдөөдөгү жыйынтыктары.

Ошондой эле студент – математиктин методикалык даярдыгынын структуралык модели жана моделди ишке ашыруунун методикасы иштелип чыккан. Изилдөөнүн жыйынтыктары модулдук окутуунун эффективдүүлүгү тастыктаган, азыр бардык ЖОЖдордо ийгиликтүү колдонулууда.

Төмөндөгү эмгектери учурда орто мектептерде кесипке багыттап окутуунун зарылдыгына шайкеш келип, үндөшүүдө:

1. «Мектептин математика курсунун окууучуларды кесипке багыттоочу мүмкүнчүлүктөрү» -Фрунзе: Мектеп, -1989. - 36 б. [2]:

2. «Окуучулардын кесипке багыт алышын калыптандырууда өндүрүштүк жана практикалык маселелердин тийгизген ролу. – Бишкек: Мектеп, -1991 [3].

Ж.Байсалов артынан жалпы педагогика жана дидактика илиминин бүгүнкү күндөгү көптөгөн кыргыз өкүлдөрүн тарбиялап үлгүрдү жана «Байсаловдун окуучулары» деген илимий мектепти түзүп кетти.

**Колдонулган адабияттар**

1. Байсалов Дж.У. Научно-методические основы создания и использования модульного обучения в методической подготовке студентов-математиков в педвузе. 13.00.02 –Теория и методика обучения математике. Автореферат дисс. На соискание ученой степени д.п.н.- Алматы, -1998.-48 с.
2. «Мектептин математика курсунун окууучуларды кесипке багыттоочу мүмкүнчүлүктөрү» -Фрунзе: Мектеп, -1989. - 36 б.
3. «Окуучулардын кесипке багыт алышын калыптандырууда өндүрүштүк жана практикалык маселелердин тийгизген ролу. – Бишкек: Мектеп, 1991.

**Рецензент: кандидат педагогических наук, доцент Узакова М.К.**